2022-жылдын 1-сентябрындагы
№1 педкеңештин чечими менен
кабыл алынды

БЕКИТЕМИН
Шарыпбек Абдылдаев атындагы
орто мектебинин директору:
_______________Т. У. Исаев
1.09.2022-жыл

## Шарыпбек Абдылдаев атындагы орто мектебинин жарандарды жазуу түрүндө кайрылуулары менен иш алып баруучу "Ишеним кутучасы жөнүндөгү" ЖОБО

1. Бул "Ишеним кутучасы жөнүндөгү" жобо, жарандардын жазуу түрүндө кайрылуулары менен иш алып баруунун тартибин аныктайт.
2. "Ишеним кутучасынын " иш алып баруу негизги багыттары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

-1989-жылдын 20-ноябрында Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган № 44/25 "Балдардын укуктарын жөнүндө Конвенция" талаптарынын бузулушунун каттону жана кароону камсыз кылуу багыты;

- кайрылууларды кабыл алуу, каттоо жана тиешелүү чечим кабыл алуу үчүн мектеп администрациясына жиберүү;

Кайрылуулар боюнча кабыл алынган чечимдерди талдоо жүргүзүү, жооп жөнөтүү;

2.Ишти уюштуруу тартиби.

2.1. "Ишеним кутучасынын" иш алып баруу тууралуу жалпы мектеп чогулуштарында маалымат берүү.

2.2. "Ишеним кутуча" башка адамдар ачып кароосун алдын алуу максатында, мектеп директорунун колу жана мектептин мөөрү менен бекитилет.

2.3. "Ишеним кутучасынын" ачуу үчүн атайын жумушчу топ түзүлүп, кутучаны ачуунун айына бир жолудан кем эмес жүргүзүлөт. Кайрылууларды алуу атайын актынын толтурулушу менен коштолулушу талап кылынат;

2.4. "Ишеним кутучасынын" алуу актысы мектеп директоруна жиберилет ;

2.5. Кайрылуулар кароо үчүн директорго жана мектеп администрациясына жана

2.6. Ар бир айдын 5- числосуна карата "Ишеним кутучасынын" иштөөсү боюнча маалымат даярдоо, мектептин чогулуштарга алып чыгуу, ата-энелерге жеткизүү мектептин директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарына жүктөлөт.

3. Кайрылууларды жана иш алып баруу

3.1.”Ишеним кутучасына” келип тушкөн кайрылууларды каттоо атайын барактары номерленген, боолонгон жана мектеп мөөрү менен бекитилген журнал аркылуу жүрүзүлөт;

3.2. Журналда төмөнкүдөй реквизиттери болушу керек:

-кайрылуунун катар номери

- “Ишеним кутучасынан” алып коюу (кабыл алуу) күнү;

- кайрылган жарандын фамилиясы,аты,атасынын аты,тиешелүү дареги;

- купуя  кайрылуу келип түшкөнучурда “анонимдүү кайрылуу”деген белги коюлат;

- кайрылуунун кыскача кайрылуу;

- кайрылууга кабыл алынган чаралар жөнүндө белги;

- мазмуунунда уят сөздөр камтылган кайрылуулар кабыл алынбайт;

-билим берүү процессине катышуучулардын,ошондой эле алардын үй-бүлөө мүчөлөрүнүн өмүрүнө,ден соолугуна жана мүлкүнө коркунуч туудурган же болбосо мазактоочу сөздөрдү камтыган кайрылуулар тийиштүү органдарга өткөрүп берилет;

4.Жоопкерчилик

4.1. “Ишеним кутучасынан” алынган маалыматтар кызматтык жашыруун маалымат болуп эсептелет жана ал маалыматтарды кызматтык кызыкчылыктан тыш, туура эмес багытта пайдаланган, билим берүүпроцессине катышкан кызматкерлер тартиптик жоопкерчиликке тартылат.

4.2. Бул жобонун бузулушуна жол берген билим берүү процуссине катышкан кызматкерлер, тартиптик жоопкерчиликке тартылат.